**Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу**

2013-жылдын төртүнчү чейрегинде айрым товардык бирдиктерге баалардын бир аз өзгөрүшү байкалган. Биринчи жолу апрелден тартып, октябрь айында ФАО азык-түлүктүк баалардын индексинин өсүшү белгиленген, ал негизинен, кантка жана күн карама майына баалардын кескин өсүшүнө алып келген.

Бирок, баалардын өсүшү убактылуу болду, анын артынан фьючердик баалар акырындык менен азайды.

Жалпысынан, 2013-2014-маркетингдик жылы дан өсүмдүктөрүнүн рекорддук түшүмү дүйнөдөгү сунуш менен кырдаалды жакшыртууга, ага карай буудайды, жүгөрүнү жана күрүчтү кошо алганда дан өсүмдүктөрүнө дүйнөлүк бааларды түшүрүүгө мүмкүн болду. Май өсүмдүктөрүнүн жана канттын бир кыйла запастарын топтоо да, бул товарларга баалардын түшүүсүнө түрткү болду.

**1-сүрөт.** Негизги азык-түлүк товарларга баалардын динамикасы
*(бир тоннага АКШ доллары)*




**Дан өсүмдүктөрү**

Учурдагы жылдын ноябрь айындагы дан боюнча Эл аралык кеңешинин (IGC) жарыяланган отчетуна ылайык, 2013-14-маркетингдик мезгилде дүйнөлүк дан өсүмдүктөрүнүн өндүрүшү 1,946 млрд. тоннаны түзөт, бул 2012-2013-маркетингдик жылдарга караганда 155,4 млн. тоннага көп. Кытайда жана АКШда баа берүүлөрдүн өсүшүнүн кесепетинде, дүйнөлүк буудайды өндүрүү болжолу да 698 млн. тоннага чейин көбөйгөн, бул өткөн жылдын көрсөткүчүнөн 7,0 пайызга жогору.

IGCнин болжолу боюнча 2014-15-маркетингдик жылы дүйнөлүк дан өсүмдүктөрүн өндүрүлүшү учурдагы жылы рекорддук түшүмдөн кийин бир кыйла азайышы күтүлөт. Андан ары өндүрүштү акырындык менен көбөйтүү болжолдонот – 2015-2019-жылдары орточо жылдык өсүш 1,6 пайызга жакын түзөт. IGCнин баа берүүсү боюнча айдоонун аянты кеңейтилет, муну менен бирге өндүрүштүн көбөйүшү негизинен, дан өсүмдүктөрүн негизги экспорттогон өлкөлөрдө (КМШ өлкөлөрү жана Бразилия) өндүрүмдүүлүктүн өсүшү менен шартталат.

**2-сүрөт.** Дан өсүмдүктөрүн өндүрүүнүн, керектөөнүн жана запастын узак мөөнөттү болжолу
*(млн. тонна)*




Rabobank Internationalдын адистери өзүнүн жыл сайын берилген болжолдуу отчетунда 2014-жылы дүйнө дээрлик он жылдык өзгөрмөлүүлүктүн өсүшүнөн кийин “тең салмактуураак” мезгилге кадам таштайт.

2014-жылы айыл чарба продукциясына бааларына таасир эткен негизги факторлор биоотундарды өндүрүү үчүн чийки затка суроо-талаптын, Кытай тарабынан кыскарышы жана өндүрүүчү өлкөлөрдө валюталардын начарлашы болот. Буудайга фьючерстин болжолдуу баасы тоннасына 235 АКШ долларына жакын түзөт.

***Россия***

Россия Федерациясынын Айыл чарба министрлиги айрым региондордогу жагдайсыз аба ырай-климаттык шарттарга байланыштуу, таза салмакта 99,0 млн. тоннадан жогору болбогон дан өсүмдүктөрүнүн түшүмүн божомолдогон. 2013-жылы иш жүзүндө дан өсүмдүктөрүнүн дүң жыйналышы 91,3 млн. тоннадан ашыгыраак болду, бул 2012-жылга караганда 28,8 пайызга көп. Түшүмдүүлүк гектарына 21,9 ц. түзгөн. Буудайдын дүң жыйналышы гектарына 22,3 ц. түшүмдүүлүктө 52,1 млн. тоннаны (2012-жылы – гектарына 17,7 ц.) түзгөн.

Түшүмдүн көлөмү боюнча жогорку көрсөткүчтөргө карабай, Россиянын жана Казакстандын айрым региондорунда дан өсүмдүктөрүнүн сапаты жер ээлеринин үмүттөрүнө жооп бербейт. Негизги себептерден болуп, июнь айында көпкө чейин кургак аба ырайы, андан кийин июль жана август айында жаан-чачын мезгили эсептелет. Мисалга алсак, «Интерфакс» маалыматтык агенттигинин билдирмеси боюнча, эгер, мурда Россияда 3-класстагы азык-түлүк буудайынын үлүшүнө 45 пайызга жакын туура келсе, ал эми учурдагы жылы бул көрсөткүч, 30 жана андан аз пайыз түзүшү мүмкүн.

***Казакстан***

Ушул жылы июнь айында көпкө чейин кургак аба ырайы менен белгиленген жайкы аба ырай шарттары, андан кийин июль жана августтун башындагы салкын жана жана-чачыл мезгил өсүмдүктөрдүн өсүшүнө өзүнүн терс тагын калтырды. Алардын өнүшү кечиктирилип, августтун ортосуна түндүк региондордо дан өсүмдүктөрү оруп-жыюуга даяр болгон эмес. Ошондуктан, жалпы оруп-жыюу кампаниясы кыйла кийинки мөөнөткө жылдырылган. Буга карабастан, Казакстан Республикасынын айыл чарба

министринин сөзү боюнча, башталган оруп-жыюу кампаниясынын маалыматтары дан өсүмдүктөрүнүн түшүмү дүң көлөмүндө 18,5 млн. тонна түзүшү мүмкүн экендиги ырасталат.

Дан боюнча Эл аралык кеңеш учурдагы мезгилде дан өсүмдүктөрүнүн өндүрүшүн болжолдоону 16,2 млн.тоннадан 16,8 млн. тоннага чейин оңдогон, анын ичинен буудай 14,0 млн. тоннаны түзөт. Казакстан үчүн экспортту болжолдоо да 6,7 млн. тоннадан 7,2 млн. тоннага чейин жогорулаган.

***Кыргызстан***

Кыргызстандын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин ыкчам маалыматына ылайык, 2013-жылдын 27-сентябрына абал боюнча, бардыгы 485,9 миң гектар кылкандуу дан өсүмдүктөрү оруп-жыйылган, бул жалпы түшүм алынуучу аянтынын 98,4 пайызды түзөт.

2012-жыл менен салыштырганда, 36,2 миң гектар дан өсүмдүктөрү оруп-жыйналган. Дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү гектарына 24,8 центрден түзгөн, анын ичинен буудай гектарына 25,7 ц жана арпа гектарына 22,7 ц. (2012-жылы дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү – гектарына 23,0 ц, буудай – гектарына 16,8 ц, арпа – гектарына 14,5 ц.) түзгөн.

Дан өсүмдүктөрүнүн дүң жыйналышы 1,2 млн. тоннаны түзгөн, бул өткөн жылга караганда 420,4 миң тоннага көп. Буудайдын дүң жыйналышы 2012-жылдагы 561,8 миң тоннага карата 875,2 миң тоннаны түзгөн.

**Таблица.** Луговая станциясындагы (Казакстан-Кыргызстан) буудайга болгон баалардын динамикасы

*(бир тоннага АКШ доллары)*

| **клейковина** | **29.06.13** | **21.08.13** | **01.10.13** | **07.11.2013** | **04.12.13** | **24.12.13** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 23-24 % | 271,0 | 258,0 | 225,0 | 224,0 | 231,0 | 224,0 |
| 27-30 % | 287,0 | 275,0 | 235,0 | 234,0 | 241,0 | 235,0 |

**<u>Күн карама майы</u>**

2013-жылы Россияда күн караманын данынын дүң жыйналышы 10,2 млн. тонна деңгээлинде бааланат, бул өлкө үчүн рекорддук көрсөткүч болуп саналарын Россия Федерациясынын Айыл чарба министрлигинин басма сөз кызматы билдирет. Көрсөтүлгөн жыйынтык 2012-жылдын деңгээлинен 27,7 пайызга көп. Учурдагы жылда күн караманын данынын жыйналган көлөмү ички керектөөнү жана 1 млн. тонна күн караманын экспорттолушун камсыз кылуу үчүн жетиштүү. Россиядагы күн караманын түшүмдүүлүгү акыркы 10 жыл ичиндеги– күн караманын даны гектарына 15,1 ц. максималдуу болуп саналат (2012-ж. – гектарына 13,0 ц, 2011-ж. – гектарына 13,4 ц.)

2013—14-маркетингдик жылдын биринчи экинчи айы үчүн Украина 689 миң тонна күн карама майын өндүргөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилге карата 10 пайызга көп.

**<u>Кант</u>**

Дүйнөлүк кант рыногу төмөндөө трендинде турат. Учурдагы тренд эң негизги, Бразилиядагы түшүмдүн жыйноо шарттарынын жакшырышы, ошондой эле Индиядан жана Таиланддан келген товарлардын сунушунун жогорулашы менен аныкталат.

Bloomberg агенттигинин сурамжыланган аналитиктердин ой пикири боюнча, 2013-жылы кантка болгон баалардын түшүүсү, анын өндүрүшүн бир катар өлкөлөрдө, анын ичинде Индияда зыяндуулукка алып келет.

Ошондуктан, кайдайдыр бир ишканалардын жабылышына жараша сунуш акырындап кыскарат. Эксперттер 2014-жылы кантка болгон дүйнөлүк

баалардын 23 пайызга өсүшүн болжолдойт.

Америка Кошмо Штатынын Айыл чарба министрлиги 2014-жылдын акырына канттын түпкү запастары боюнча болжолдоолорду жогорулаткан, бул өткөн жылга караганда 0,5 пайызга көп. Түпкү запастардын май айынын болжолу менен 38,2 млн. тоннаны түзгөн.

«Тазабек» маалыматтык агенттигинин билдирүүсүнө ылайык, республика боюнча 183,6 миң тонна кант кызылчасы жыйналган, түшүмдүүлүк орточо гектарына 274 ц. түзгөн, бул 2012-жылга караганда гектарына 70,6 центнерге көп.

**1-таблица.** Азык-түлүк рыногу (2013/14-жылы өндүрүшкө, керектөөгө, өтмө запастарга баа берүүнүн бир айлык динамикасы жана азык-түлүк товарларына баа)

| | *Өндүрүштү баалоо, млн .тонна* | *бир ай ичиндеги өзгөрүү, %да* | *Керектөөнү баалоо, млн. тонна* | *бир ай ичиндеги өзгөрүү, %да* | *Запасты баалоо, млн. тонна* | *бир ай ичиндеги өзгөрүү, %да* | *Фьючерс, бир тоннага АКШ доллары* | *бир ай ичиндеги өзгөрүү, %да* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дан өсүмдүктөрү (дүй)** | 1 945,7 | 0,3 | 1 904,5 | 0,2 | 379,1 | 1,4 | 202,0 | 0,4 |
| **Буудай** | 711,4 | 0,7 | 704,5 | 0,1 | 182,8 | 2,4 | 236,2 | 0,0 |
| ***Кыргызстан*** | 0,7 | 0,0 | 1,3 | 0,0 | - | - | 235,0 | -2,5 |
| ***АКШ*** | 58,0 | 0,0 | 36,3 | 0,0 | 15,6 | 1,8 | 229,1 | -3,9 |
| ***Европа биримдиги-27*** | 143,1 | -0,2 | 120,8 | -0,8 | 11,9 | -1,3 | 269,0 | 2,8 |
| ***Россия*** | 51,5 | 0,0 | 35,0 | 0,0 | 6,2 | 0,0 | 213,0 | 6,9 |
| ***Казакстан*** | 15,5 | 0,0 | 7,3 | -1,4 | 16,5 | -2,6 | 235,0 | -2,5 |
| **Жүгөрү** | 964,3 | 0,2 | 936,7 | 0,4 | 162,5 | -1,1 | 167,8 | 1,0 |
| **Күн карама майы** | 15,5 | -0,8 | 14,5 | -0,1 | 2,9 | -5,5 | 1 041,1 | -3,4 |
| **Кант**[1] | 174,8 | 0,0 | 167,6 | 0,0 | 43,4 | 0,0 | 362,8 | -6,7 |

**2-таблица.** 2013-жылы ноябрь ичиндеги негизги азык-түлүк товарларга орточо баалардын өзгөрүшү *( (+) өсүш/ (-) азайю, пайыздар)*

| | *Уй эти* | *Кой эти* | *Ак май* | *Сүт* | *Он жумуртка* | *Биринчи сорттогу ун* | *Биринчи сортгогу нан* | *Картөшкө* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бишкек** | -0,6 | -1,1 | 0,0 | +1,8 | +9,3 | -0,7 | 0,0 | +7,3 |
| **Баткен** | +1,0 | 0,0 | 0,0 | +5,6 | +5,0 | -1,7 | 0,0 | +11,7 |
| **Жалал-Абад** | +0,5 | 0,0 | +1,9 | +2,3 | +8,2 | 0,0 | +0,3 | +10,4 |
| **Каракол** | -3,1 | -2,7 | +1,4 | 0,0 | +4,4 | +0,5 | -0,1 | +12,2 |
| **Нарын** | 0,0 | -1,2 | +0,1 | +22,5 | +6,2 | +2,4 | 0,0 | +6,1 |
| **Ош** | +0,5 | 0,0 | 0,0 | +0,6 | +9,0 | +0,3 | 0,0 | +4,6 |
| **Талас** | +0,1 | +0,7 | +7,8 | +4,4 | +7,8 | 0,0 | 0,0 | +4,2 |
| **Токмок** | +1,3 | +0,5 | +1,6 | 0,0 | +11,8 | -0,4 | 0,0 | +5,6 |

[1] АКШнын Айыл чарба министрлигинин ноябрдык баа берүүсү.